КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ ЖАНА БИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫ
ТОКТОГУЛ АТЫНДАГЫ
№6 ОРТО МЕКТЕБИ

# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ МЫЙЗАМЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ӨТКӨРҮЛГӨН ИШ-ЧАРАЛАР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

2021-2022-окуу жылы

Токтогул атындагы
№6 орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин
2021-2022-окуу жылында мамлекеттик тил мыйзамын ишке ашыруу боюнча
өткөрүлгөн иш-чаралары боюнча маалымат

2021-2022-окуу жылында Токтогул атындагы №6 орто мектебинде тил мыйзамын ишке ашыруу боюнча бир топ иш-чаралар өткөрүлдү.

Жыл башында атайын бир жылдык план түзүлүп, ага төмөнкүдөй максаттар коюлду: кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары калыптанышына салым кошуу; жаш муундар арасында кыргыз тилинин кадыр-баркын жогорулатуу; элибиздин унутулуп бараткан каада-салттарын жайылтуу; туура жазуу жана сүйлөө маданиятын калыптандыруу.

2021-жылдын 22-сентябрында мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамдын кабыл алынгандыгынын 32 жылдыгына карата «Кыргыз тилим кылымдарды карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан» деген темадагы бир айлык иш-чара жарыяланды.

23-сентябрь күнү тил майрамына арналган салтанаттуу линейка өткөрүлүп, кыргыз тили жана адабияты мугалими Умаралиева Т. окуучуларды, мугалимдерди куттуктады. Ошондой эле «Эне тилим – эне сүтүм» деген темадагы дубал газеталар көргөзмөсү уюштурулду.

28- сентябрь күнү «Тилим менен улутмун, тилим менен улукмун» ат көркөм окуу сынагы болду. Окуучулар активдүү катышышып, төмөнкү окуучулар алдыңкы орундарга ээ болушту:

| № | Окуучунун аты-жөнү | Оруну | Классы |
|---|---|---|---|
| 1 | Жамгырчиева А | 1 | 7-б |
| 2 | Асилбеков Э | 2 | 6-б |
| 3 | Мухтаров К | 3 | 7-в |

4-октябрь күнү «Кыргызды Манас сактаган, Манасты кыргыз даңктаган» деген темадагы «Манас» айтуу сынагы өттү. Сынакка 9-10-11-окуучуларынан 10 окуучу катышты.

| № | Окуучунун аты-жөнү | Оруну | Классы |
|---|---|---|---|
| 1 | Ибраимов Б | 1 | 11-а |
| 2 | Жанибеков Б | 2 | 9-б |
| 3 | Азим у. К. | 3 | 9-б |

5-октябрь күнү «Макал – тилдин байлыгы» темасында макал, табышмак, жаңылмач айтышты.

8-октябрь күнү «Эне тилин сактай билген, жаңы доордун муунубуз» темасында тил боюнча суроолорго жооп беришти. Буга окуучулар активдүү катышышты.

Дил баяндар сынагына да окуучулар активдүү катышып, «Тилим менен мактанам» аттуу темасын ачып берүүгө аракет жасашты. Натыйжада төмөнкүдөй жыйынтыкка ээ болдук:

Салиева Г. 11-а кл., 1-орун, Камчиева М.10-а кл., 2-орун, Рахманова С. 10-а кл. 3-орун.

Ошондой эле, класс жетекчилер мамлекеттик тилдин улуулугун, бай экендигин, муундан-муунга өтүүсүнө зор салым кошуубуз керектигин даңазалап тарбиялык сабактарды өтүштү.

Жыйынтыгында кыргыз тилинин мамлекеттик статуска ээ борлгондугунун 32 жылдыгына карата бардык иш-чаралар «канааттандырарлык» деп бааланды.

Кыргыз тили жана адабияты
усулдук бирикмесинин
жетекчиси: Алимбаева Т.


Тил – аң-сезимдин бир күзгүсү, маданияттын уюткусу
Ч. Айтматов
Тилдин улуусу да – эне тил,
Тилдин сулуусу да – эне тил.


Жазуучулардын туулган жери
Ата мурасыбыздын эң туу чокусу— улуу Манас эпосу
Ч Айтматов




Тил - аң-сезимдин бир


Эне тилим – менин дилим!
КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫ
Ciao
Ola
Привет
Hello
21-ФЕВРАЛЬ – БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК ЭНЕ ТИЛ КҮНҮ
ктогул атындагы
№6 орто мектеби